*Тиркеме 5*

Кыргыз Республикасынын
Маданият, маалымат, спорт жана
жаштар саясаты министрлигинин
2023-жылдагы 15 - мартындагы
№185-буйругу менен бекитилген

**VII Дүйнө элдеринин эпосторунун**
**Эл аралык фестивалынын алкагында өтүүчү**
**"Кадырлуу каада салт" кароо сынагынын**
**ЖОБОСУ**

Ар бир улуттун баа жеткис, кылымдар карыткан үрп-адаты, каада-салты, өнөрү жана тили бар. Булар улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү жана руханий байлыктарыбыздын бири.

Коомубуздун өзгөрүшү менен каада-салт, үрп-адат жана башка баалуулуктарыбызга жакшы көңүл бурулбай, унутулуп бараткандай. Ошол себептен ата бабалардан келе жаткан үрп-адат жана каада-салттарыбызды сактап, ар тараптан байытып, муундан-муунга өткөрүп берүү максатында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги "Кадырлуу каада салт" аттуу республикалык кароо-сынагын өткөрөт.

## I. Кароо-сынактын максаты:

- кыргыз элинин каада-салтын жана үрп-адатын жандандыруу, сактап калуу жана өнүктүрүү;
- унутта калып бара жаткан каада-салттардын жана үрп-адаттардын түрлөрүн көрсөтүү;
- мезгилдин жат көрүнүшү болгон ысырапкорчулук, өзүмчүлүк, жалкоолук жана ыймансыздыкка жол бербөө үчүн каада-салт жана үрп адат аркылуу өспүрүм жана жаштарды тарбиялоо;
- каада-салт жана үрп-адаттарды кеңири жайылтуу жана эл арасында пропагандалоо.

## II. Кароо-сынактын уюштуруучусу

Сынактын башкы уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги;

Уюштуруучунун сынакты өткөрүү боюнча милдеттери:

- Сынак тууралуу маалыматты массалык маалымат каражаттарында жарыялайт;
- Сынакка келип түшкөн “Билдирме-анкеталарды” кабыл алууну уюштурат;
- Сынакты өткөрүүгө байланыштуу уюштуруу маселелерин чечет.

Уюштуруучунун укуктары:

- Методикалык жардам көрсөтүү жана сынак тууралуу маалыматты таратуу боюнча өнөктөштөрдү тартат.

## III. Кароо-сынактын жумушчу органдары:

-Уюштуруу комитети;

- Калыстар тобу;

Уюштуруу комитетинин түзүмү башкы уюштуруучунун өкүлдөрүнөн жана тартылган көз карандысыз эксперттерден түзүлөт;

Уюштуруу комитети:

Сынактын Уюштуруу комитетинин төрагасын шайлайт;

Калыстар тобунун ишин камсыздайт.

Калыстар тобу:

Көз каранды эмес эксперттерден түзүлөт жана алар тарабынан коюлган баалардын негизинде жеңүчүүлөрдү аныктайт;

Сынактын жеңүчүүлөрүн сыйлоо аземине катышат.

## IV. Кароо-сынактын шарттары:

“Кадырлуу каада салт” республикалык кароо-сынакка калктын бардык катмарынын өкүлдөрү катыша алат, алардын улуту менен жашына чек коюлбайт.

Катышуучулар кыргыз элинин каада-салт жана үрп-адаттарынын эркин тандоосу боюнча көрсөтүшү керек (15 мүнөттүк убакыт берилет) жана ар бир облустан же шаардан көрсөтүлгөн салт кайталанбайт.

Сынактын жеңүүчүлөрү калыстар тобу тарабынан аныкталат.

Сынактын катышуучулары Уюштуруу тобуна “Билдирме-анкетасын” (Тиркеме №1) 2023-жылдын 10-май айына чейин Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, № 78 (108-кабинет) дарегине тапшырышы зарыл. Бул мөөнөттөн кечиккен документтер кабыл алынбайт.

Сынактын катышуучуларына сынакка катышууга жолдомо алгандыгы тууралуу уюштуруучулар тарабынан “Билдирме-анкетасында” көрсөтүлгөн телефон аркылуу маалымдалат;

Сынакка катышууга кеткен чыгымдар катышуучулардын өз эсебинен каржыланат.

## V. Кароо-сынактын өткөрүү тартиби:

“Каада салттар” кароо-сынагы 2023-жылдын 18-майдан тартып 21-майга чейин Ош шаарынын Борбордук аянтында өткөрүлөт.

Кароо-сынак массалык маалымат каражаттары тарабынан тасмага тартылат.

## VI. Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо

Сынактын жеңүүчүлөрүнө 1-, 2-, 3-орундар берилет;

Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи 2023-жылдын 21-май күнү Ош шаарынын Борбордук аянтында өткөрүлөт.

Жеңүүчүлөр Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин дипломдору, грамоталары жана акчалай сыйлыктары менен сыйланышат.

Кеңири маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот:

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, № 78

тел.: (0312) 62-36-39, 62-35-50, +996 773819898, +996 558700087.

venera-mincult@mail.ru

minculture77@mail.ru

ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ

# БИЛДИРМЕ АНКЕТАСЫ

| № | Катышуучунун аты-жөнү (толук, так, даана) | Паспорттук маалыматтары | Жашаган дареги, байланыш телефондору (WhatsApp) |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |

ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ